***Мукасов Ы.М.,***
***д.ф.н., профессор***
***Академия Наук Кыргызской Республики***

***Шеримбекова А.М.***
***Кыргызская Академия Образования***

# МОЛДО КЫЛЫЧТЫН ПЕДАГОГИКАЛЫК ОЙЛОРУНДАГЫ СУЛУУЛУК ТҮШҮНҮГҮ

# ПОНЯТИЕ КРАСОТЫ В ПЕДАГОГИЧЕСКИХ МЫСЛЯХ МОЛДО КЫЛЫЧА

***Түйүндүү түшүнүктөр:*** *тарбия, эстетика, коом, идея, көрүнүш, сулуулук, педагогика, табият.*

***Ключевые слова:*** *воспитание, эстетика, общество, идея, явление, красота, педагогика, природа.*

Эстетикалык көз караш эстетикалык аң сезимдин ажырагыс бөлүгү. Ал руханий чөйрөнү калыптоочу, өркүндөтүүчү мааниге ээ болуу менен эстетикалык ой жүгүртүүлөрдүн, сезимдердин, идеялардын, тыянактардын системасын түзөт.

Эстетикалык көз карашка системалашылган удаалаштык мүнөз таандык. Мындай удаалаштыкта эстетикалык көз караш эстетикалык сезимдердин, туюмдардын, табиттердин натыйжасы катары келип чыгат. Анын калыптануу жана өнүгүү процесси аң сезимдин ишмердүүлүгүнүн көзөмөлүндө жана багыт берүүсүндө ишке ашат.

Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорунда эстетикалык баалуулуктар кенен орун алган. Анын чыгармалары өз заманынын табиятынын жемиши болуп, көркөм ой тутумдарга, образдуулук аныктамаларга, эстетикалык бүтүмдөргө бай. Алардын негизги мазмунун адам, кыргыз жер, жаратылыш анын сулуулугу түзөт. Табияттын мезгилдеринин кооздугу, ар бир кубулушу акын үчүн кымбат жана асыл.

Молдо Кылыч үчүн абстрактуу, идеялдык сулуулук эмес, конкреттүү, материалдашкан сулуулук бар. Айрым кымбат баалуу кооз, көрктүү буюмдар обүективдүү, айныгыс, түбөлүктүү, ал эми кээ бирлери башка бир нерсеге көз каранды. Акындын көз карашы боюнча кооздук адамдарда эстетикалык ырахаттанууну пайда кылат. Мындай кубулуштун критерийи болуп реалдуулукту көркөм элестүү чагылдыруу саналат. Акылмандын эстетикалык табити бийик атуулдук идеялар менен айкалышкан. Ал табияттын, адамдын жашоосунун кооздугун көркөм сүрөттөп эле тим болбостон, адамдарды мекенге, туулган жердин кооздугуна, сулуулугуна карата гумандуу, аяр, атуулдук мамиле жасоого үндөгөн.

Акындын аалам кубулуштарынын көп кырдуулуктарын, татаал байланышын, мыйзам ченемдерин сезүү аркылуу табият турпатына карата мамилеси, көркөм чагылдыруусу анын эстетикалык нуктагы чыгармачылык көз карашынан, табитинен ачык кабар берет. Молдо Кылычтын эстетикалык көз карашында жаратылыштын кооздугу менен адамдын сулуулугунун ортосундагы эквиваленттүүлүк жатат. Табияттын көркөмдүүлүгүн, анын түркүн кубулуштарын образдуу кабыл алуу менен адамдын сулуулугун сүрөттөөдө жаратылыштын кооздугун эстетикалык үлгү катары пайдаланат. Ойчулдун чыгармаларында эстетикалык кабылдоо образдуу формада эле чагылдырылбастан, көп учурда жөнөкөй мааниге ээ болсо да анын жалпылоочу мүмкүнчүлүгү болгон. Мында сулуулук жана көрксүздүк, көтөрүңкүлүк жана басыңкылык, трагедиялуулук жана комедиялуулук деген өңдүү эстетикалык кенен түшүнүктөрдүн колдонулушу эстетикалык ой жүгүртүүдөн кабар берет.

Эстетикалык аң сезимде сулуулукту, кооздукту баалоо жана аларды көркөм чагылдыруу өзгөчө мааниге ээ. Т.А. Аскаровдун пикирине ылайык, “адам өзүнүн көз салышы, назар буруусу менен обүективдүү дүйнөнүн көмүскө жашаган касиеттерин, сулуулугун, кооздугун ачып, таанып билет. Ал сулуулук табияты боюнча эстетикалык касиетке ээ болгондуктан, адамдын көзү, же кооздукту баалай билген ички дүйнөсү ошол өздөштүрүлгөн сапаттардын жардамы менен өзүн-өзү байытып, структурасын толуктайт, натыйжасында жаңы сапаттык абалга келет.... Сулуулук деген кубулуштун, түшүнүктүн өзү көп кырдуулукка ээ. Мисалы, ар бир кооз, сымбаттуу, көрктүү нерсеге, буюмга куюлушкан, бап келген сапаттар, касиеттер бар, так ошол белгилер тигил же бул затты, буюмду сулуу кылып көрсөтөт. Башкача айтканда, өз алдынча жашаган ар бир кубулуш өзүнө гана тиешелүү сапаттар аркылуу кооз, сонун болуп кабылданат”[1].

Цицерон “сулуулук” түшүнүгү жөнүндө мындай ойду билдирген: Сулуулук – жаратылыштын эң сулуу сырларынын бири. Сулуулукту биздин делебебизди козгогон нерселер менен чаташтырбоо керек”[2]. Гердердин пикири боюнча “сулуулуктун обүективдүү табигый негизи бар. Ал эми адам бул негиз менен өз ара мамилеге түшкөндөн тартып начарлай баштайт. Адам –сулуулукту ойлоп табуучу. Ал бардык жерде образдарды көрөт, ыргактарды угат, формаларды туят. Адам –

ар дайым сүрөткер, сулуулуктун башатында турат”[3]. Ошентип, сулуулук эстетикалык, жалпы эле көркөм ишмердүүлүктүн мыйзамы, көркөмдүүлүккө, коодукка багытталган рухий байлыктын деңгээлинин көрсөткүчү, критерийи болуп саналат.

Кооздук жана сулуулук түшүнүктөрү лексикалык – семантикалык жактан жалпы мааниге ээ. Бирок, жеке мааниде алып караганда кооздук жана сулуулук өзүлөрүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрдөн турат. Алсак, “кооздук” жаратылышка жана анын кубулуштарына, жансыз заттарга, буюмдарга мүнөздүү: “кооз жайлоо”, “кооз дарак”, “кооз имарат”. Башкача айтканда, кооздук түшүнүгү көбүнчө нерселердин, кубулуштардын, процесстердин формалык жагдайына, сырткы көрүнүшүнө, келбетине, кыймылына таандык болуу менен негизинен материалдык чөйрөнү чагылдыруунун көркөм шарты болуп эсептелет. Ал эми айрым мезгилде кооздук түшүнүгү рухий чөйрөнү образдуу чагылдырууда да колдонулат. “Кооз үн”, “кооз сүйлөө” сыяктуу сөздөр буга ачык күбө. Кооздук түшүнүгүнөн айырмаланып, сулуулук ички жана сырткы обликти сүрөттөп, маңыздык жана формалык жагдайлардын, анын диалектикалык байланышын чагылдыра алат.

Молдо Кылычтын чыгармаларында сулуулук жана кооздук – бул кандайдыр бир табияттан жана адамдан сырткары турган идея эмес, ал табиятка, адамга, адамдар ортосундагы мамилелерге мүнөздүү сапат. Мына ушунун негизинде ал, эгер сулуулук жана көркөмдүк өзүлөрүнүн бардык көрүнүштөрүндө элдин жан дүйнөсүнүн тереңине кирип, кеңири тараса, анда көпчүлүк нерселерди жакшы жакты карай өзгөртүүгө мүмкүндүк түзүлүп, адамдардын руханий байлыгынын байышына жол ачат деген жыйынтыкка келет.[4]

Сулуулукту кабылдоо жана таанып билүү адам менен табияттын, руханийлик менен материалдуулуктун, табият менен коомдун ортосундагы шайкештүүлүктү, гармонияны ачып берет жана канаттануу сезимин пайда кылат. Ушуга байланыштуу акындын чыгармачылыгында негизги максат болуп, табияттагы жана коомдогу, адамдардын турмушундагы кубулуштарды туура чагылдыруу. Н.Г. Чернышевскийдин көз карашына ылайык, эң жогорку сулуулук – искусство аркылуу жаралган чындык[5]. Демек Молдо Кылычтын чыгармаларында жана жалпы эле искусстводо көркөмдүк, сулуулук чындыкты чагылдыруунун негизги формаларынын бири болуп саналат.

Акын үчүн эмне реалдуу болсо, ал сулуулук, ал эми эмне сулуу болсо ал реалдуулук. Ушундан улам кубулуштардагы сулуулукту, кооздукту көрө билүү, турмуш чындыгын ачып берүү акындын чыгармаларына мүнөздүү көрүнүш болуп эсептелет. Башкача айтканда, сулуулук жана көркөмдүк тууралуу акындын ой жүгүртүүсүнүн башаты реалдуу кубулуштарга, турмуштук жагдайларга барып такалат. Ушуга байланыштуу В.Г. Белинский мындай деп жазат: “Терең акылга жана чыгармачыл фантазияга ээ акындар, өз идеалдарын өздөрүнүн айланасынан табышат”[6].

Молдо Кылыч адамдын көз жоосун алган, сезимин козгогон, өзүнө тарткан жаратылыштын жана коомдун кубулуштарын ырдаган. Ал бардык эле кооздукка, реалдуулукка баа берүүгө жөндөмдүү эле болбостон, алардын мыйзамдуулугун жакшы түшүнгөн.

Акындын эстетикалык көз карашында табиятка карата болгон эстетикалык мамиле кеңири орун алган. Бул обүективдүү көрүнүш. Анткени акындын жашоосу, ишмердүүлүгү табият менен тыгыз байланышта өткөн. Ушундан улам, кандай көз караште жана кайсы жагынан сүрөттөлгөнүнө карабастан кыргыз жеринин керемет кооздугу акындын ой толгоосунда суктанууну, берилүүнү, таң калууну жана кубанууну жараткан. Жаратылыштын көркөм кубулуштары ага эстетикалык ырахат тартуулаган. Бул тууралуу Г.З. Апресян мындай деп белгилейт: “Табият менен байланышууда адам жаратылыштын жасагандарын, кызыктырууну жана таң калууну туудурган анын көрүнүштөрүн эң алды туят, байкоо жасайт жана ар түрдүүчө кабыл алат. Табият менен болгон мындай мамиле адамдарга эстетикалык ырахат берип, табигый сулуулукту сезүү сезимин жаратат. Жаратылыш менен түздөн түз байланышуу, мисалы, аны байкоо жана кабыл алуу, көп учурда эстетикалык ырахат ала турган суктануу жана кубануу сезимдерин пайда кылат”[7].

Молдо Кылычтын табиятка карата болгон эстетикалык мамилеси, өтө сезимтал байкоолору анын “Керме-Тоо”, “Чүй баяны”, “Жинди суу”, “Бүркүттүн тоюу”, “Буудайык”, “Канаттуулар” аттуу чыгармаларында берилет. Ала-Тоонун көрктүүлүгү анын түркүн түстөгү гүлдүү чөптөрү менен бирге шөкөттөлүп айтылат. Акын шыктуу, таланттуу сүрөткер катары өз чыгармаларында жаратылыштын кайталангыс үндөрүн, таң калыштуу боекторун, унутулгус жыпар жыттарын толук бойдон жеткиликтүү элге жеткирген[8]. Ушуга байланыштуу Ш. Үметалиев адилет белгилегендей Молдо Кылыч өз чыгармаларында “кыргыз табиятынын живописттик картинасын түзөт. Анда табият шайкештик биримдикте көрсөтүлөт. Табияттын бардык кубулуштары бири - бири менен тыгыз байланыштуу. Алар бири-бирине көз каранды. Ошол себептүү алар дайыма өзгөрөт, жетилет. Бири-бирине таасир этүү менен алар өнүгүп, алдыга жылат”[9]. Ушундай эле пикирди Т. Аскаров да карманат: “Молдо Кылыч сыяктуу жазгыч акындардын чыгармачылыгында

жаратылыштын миң түркүн боекторун эстетикалык планда кабылдоо образдуу ой жүгүртүүнүн орчундуу бөлүгүн түзүп турат. “Чүй баяны”, Керме-Тоо“, “Бүркүттүн тою”, “Буудайык” сыяктуу чыгармаларда кыргыз элинин флора менен фауналарындагы жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, топурак-таштардын гармониясы, эстетикалык миң түрдүүлүгү, адам менен табияттын биримдиги ырга салынган”[10].

Жалпылап айтканда, Молдо Кылычтын чыгармаларында таанып билүүчүлүк жана тарбиялык мааниге ээ болгон нукура эстетикалык маселелер негизинен туура коюлуп, туура чечилген. Алардын арасында сулуулук, көркөмдүк маселелери дүйнөнү эстетикалык жактан кабылдоодогу негизги проблема катары борбордук орунду ээлейт. Анын табияттагы жана коомдогу сулуулук жана көркөмдүк – бул табияттын кубулуштарынан жана адамдын жашоосунан сырткары турган кандайдыр бир сыйкырдуу күч эмес, табиятка, адамга жана адамдык мамилелерге мүнөздүү реалдуу сапат экенин түшүнгөн.

Акындын эстетикалык ой толгоолорун эстетикалык табит, эстетикалык кабылдоо жана көз караштын биримдигинен түзүлгөн көркөм дөөлөт айгинелеп турат. Анын эстетикалык көз карашында адам менен жаратылыш биримдиги, эстетикалык чен өлчөмдөр эквиваленттүү келип, ал тургай жаратылыш көрүнүштөрү, кубулуштары, ааламдын кайталангыс сулуулугу катары бааланат.

**Адабияттар:**


1. Аскаров Т.А. Кыргыз элинин эстетикалык дүйнө таанымы // Кыргыз философиясы (X-XXI к). – Ош, 2006. – 22, 28-б.
2. Гулыга А.В. Гердер. – М., 1975. – С. 15. Там же. – С. 18.
3. Молдо Кылыч. Казалдар. – Фрунзе, 1991. -48-96-б.
4. Чернышевский В.Г. Избранные эстетические произведения. – М., 1978. – С. 17.
5. Белинский В.Г. Русская литература в 1843 году // Полн. собр. соч. В 13 т. – М., 1955. – Т. 8. – С. 89.
6. Апресян Г.З. Эстетика и художественная культура социализма. – М., 1984. – С. 155.
7. Молдо Кылыч. Казалдар. – 71-96-б.
8. Уметалиев Ш. Сын своей эпохи // КР УИА нын Кол жазмалар фондусу. – Инв. 56. – 7-б.
9. Аскаров Т.А. Кыргыз элинин эстетикалык дүйнө таанымы // Кыргыз философиясы (X-XXI к.). – 49-б.